Manas Sosyal Araştırmalar Dergisi | Cilt: 1 | Sayı: 1 | 2012
Manas Journal of Social Studies | Vol.: 1 | No: 1 | 2012

# К.ЖУСУПОВДУН ПУБЛИЦИСТИКАЛАРЫНЫН АГАРТУУЧУЛУК МҮНӨЗҮ

**Толкун НАЗАРКУЛ кызы**
КУУнин аспиранты
*nazar-tol@mail.ru*

**Аннотация**

К.Жусуповдун чыгармачылыгында агартуу иштерине көңүл буруу аракети XX кылымдын 60-жылдарынан башталгандыгын байкоого болот. Алгач социалисттик турмуш менен кыргыз элинде тамырын толук кыркып бүтө элек айырмачылыкты, адеп-ахлактуулук касиеттери боюнча окшоштуктары менен бөтөнчөлүктөрүн, тоолуктардын нравалык түшүнүктөрүн, сый-урмат көрсөткөн салт-санаасын, үрп-адатын, көчмөн цивилизациядан сакталып келе жаткан ыйман-ынсабын, кандай оор кыйынчылык болсо да жеңе билген эркин, туруктуулугун өзү көрүп билген автографиялык мүнөзгө ээ эсселеринде улам толуктап келе жаткан публицисттин чыгармаларына токтолуп өттүк. Бул макалада унут болуп бара жаткан этикалык жана эстетикалык арууликту кийинки муунга билинтип-билгизбей жеткирип, калк жыйган рухий баалуулуктарды тике жана кыйыр формасында тааныштырып, агартуу иштерин жүргүзүп келе жаткан эмгектери каралды.

**Ачкыч сөздөр:** салт-санаа, үрп-адат, адеп-ахлак, көчмөн, кыргыз.

## EDUCATIONAL FEATURES OF K.JUSUPOV'S FICTION

**Abstract**

We can notice that actions to pay attention to work of K. Jusupov started in XX century from 1960. At first we have reviewed the works of writer of political essays the socialist life and difference of Kyrgyz people, the root of what is not cut completely, similarity and difference of good manners, the moral concepts of people living on mountains, the custom and traditions which show respect, the conscientious which have been kept from wandering civilization, the will that can win any difficulties, firmness which he saw and know in essays like autography. At this article basically we have reviewed the education works, the keeping me ethical and aesthetical purity of Kyrgyz people to next generation, the spiritual

ISSN: 1624-7215

values which have gathered by nations, the works which have been introduced them directly and indirectly.

**Key words:** custom, traditions, good manners, wandering kyrgyz, conscientious.

Азыркы мезгил кыргыз журналистикасында Кыргызстандын эгемен турмушун чагылдыруу менен гана чектелбестен, өз алдына ошол өлкөнүн тарыхый баскан жолундагы өксүктөрү менен «актай» калган жактарын да коомчулукка алып чыгуусуна өзүнүн милдети катары эсептелүүдө. Бул болсо учурда маалымат каражаттарына калк арасында болуп жаткан жаңылыктар менен катар кыргыз коомчулугу, мамлекеттик түзүлүшү, жарандык позициясы, социалдык-экономикалык багыттарда болуп жаткан оош-кыйыштар менен катар бир мезгилдерде коммунисттик идеологиядагы саясий бир тараптуулуктан, тапчыл кызыкчылыктан, саясатташкан диктатуранын кысымынан улам айтылбай келген же айтууга мүмкүн эмес болгон кыргыз элинин тарыхына, тилине, коомдук жашоо-тиричилигин аныктаган цивилизациясына, адабий-маданий турмушуна кайрадан кайрылып, такталбай келгендерине карата пикир айтуу, көз карашын билдирүү ар бир жарандын анын ичинде журналисттердин атуулдук парзы болсо, кыргыз публицистикасы анын башында турушу зарыл экендигин ачыкка чыгарды.

Мезгилдүү басма сөз каражттарынын мындай аракеттери унут болуп бара жаткан факты-материалдарды кайрадан көтөрүп чыгуу милдетин гана аркалабастан, жаңыдан түптөлүп келе жаткан мамлекеттин сувернитетин сактоо, анын кокусунан келбегендигин, ал үчүн канчалаган адамдар өмүрүн берип, эгемендүүлүктү эңсеген ойлор жана идеялар үчүн канчалаган коомдук жана саясий ишмерлер жок болуп кеткендигин, б. а. анын өзөгүндө не бир окуялар болгондугун түшүндүрүү максатында «агартуу иштерин» жүргүзүү да керектиги кыргыз журналистикасынын алдына коюлуп отурат. Анткени публицистика коомдук-саясий адабияттын бир түрү катары коомдук-

социалдык чөйрөдө өз ордун сактоо менен өзүнүн документалдуулакка негизделиши, фактыга ориентир кылышы, айтылчу ойду жалпыга түшүнүктүү бериши жана фактыны анализдөөдө тарыхыйлуулук менен илимийлүүлүккө басым коюшу аркылуу коомчулуктун көңүлүн өзүнө бура алат. Коомдук аң сезимдин башка түрлөрүнө караганда публицистиканын окурмандын алдында жоопкерчилиги жогору болгондуктан, анын коомчулук алдында маалымат берүүчүлүк жана агитациялоодо агартуучулук касиетинин баасы да бийик экендиги талашсыз. Б.В.Стрельцовдун сөзү менен айтканда «отражая общественное мнение, оказывать постоянное влияние на формирование общественного мнения»[1] деген милдетти толук аткарып келет.

Тактап айтканда, бир мезгилде теоретик Е.П.Прохоров өзүнүн «Публицист и действительность» аттуу эмгегинде «…воздействие на актуальные общественно-политические процессы оперативным, документальным отображением, основанном на их идейно-политическом осмыслении, и эмоционально-выраженной оценке»[2] деп белгилеген сапатын жоготпостон, жаңыдан түптөлүп келе жаткан жаш мамлекеттин өнүгүшүнө маанилүү роль ойной турган кыргыз элинин баскан тарыхый жолун, мекенчил түшүнүктөрүн, маданий жана адабий баалуулуктарын, руханий дөөлөттөрүн, кылымдап калыптанган элдүүлүк идеяларын, атам замандан түптөлгөн салт-санаасын, ооздон-оозго өткөрүп калыптандырган рухий-эстетикалык мурастарын кайрадан көтөрүп чыгуу, ал тургай зарылдыгына жараша агитациялоо, аркылуу элдин өзүн өзүнө тааныту милдети дал ушул эгемендүүлүктөн кийин актуалдуу маселелердин бирине айланды.

К.Жусупов публицист катары мындай милдетти биринчилерден туйду. Автордун өз сөзү менен айтканда «Эң оболу – кыргыз жазуучуларынын

---

[1] Стрельцов Б.В. Основы публицистики.Жанры. –Минск, Университет, 1990, 18-бет.
[2] Прохоров Е.П. Публицист и действительность. – М., 1973, 192-бет.

көркөм чыгармалары аркылуу окурмандын аң сезимин ойготуу, көркөм эстетикалык табитин, ой жүгүртүүсүн байытуу: азыркы замандын жашоосу, кыялы, ыйманынын гармониясы бузулган убакта окурманды маданияттуу чыгармачылыгына гана үндөбөстөн, чыгармачылыктын ой жүгүртүүсүнө, маданиятына үндөө; андан соң – байыркы деп саналган тарыхындагы ак барактарды толуктоо; улуттук рухий маданиятты кайрадан жаңыча көз караштa кароо; байыркы көчмөндөрдүн цивилизациясын издөө, «Манастын» миң жылдыгына карата иш жүргүзүү, элдик эпосторду, оозеки чыгармачылыктын тарыхын, динин философиясын жаздыруу; элдик өнөрдүн салтын, эстетикасын издөө»[3] маселесине биринчилерден болуп киришти.

К.Жусуповдун чыгармачылыгында мындай миссия эгемендүүлүктөн кийин эле пайда боло калган жок. Ал бул багытта иштерин колуна калем кармаган, же алгачкы чыгармалары мезгилдүү басма сөзгө чыга баштаган алгачкы жылдардан эле баштаган десек жарашат. Ырас, ошол мезгилде жазылган публицистикаларында доордун саясий үнү сезилип турганы менен журналист катары турмуш чындыгын сүрөттөөдө, же жашоо-тиричиликтин белгилүү бир кырдаалдарын, окуяларын баяндоодо окурмандарга маалымат берүү менен бирге алардын жан дүйнөсүнө таасир берүүчү агартуулук иштерди да колго алганын баамдоого болот. Жаш автор катары аталган маселеге алгачкы жылдары тикелей киришпесе да, анын ар бир жазганында коомдо болуп жаткан түрдүү кубулуштарды, совет мамлекетинин ийгиликтерин даңазалоо[4], анда үлгү болгон жарандардын турмушун, адамдык

[3] Жусупов К. Улуттук журналдардын эң улуусу. – Китепте: Жусупов К. Жаншерик. – Бишкек, Бийиктик, 2007, 481-бет.

[4] *Караңыз:* Жусупов К. Жол ойлору. //Ленинчил жаш, 1964, 6-май; Айылымды аралап. // Ленинчил жаш, 1965, 25-март; Волга. // Ала-Тоо, 1972, № 12; Ата журт ажары. // Ала-Тоо, 1974, № 10; Ата журттун бир ууч топурагы. // Кыргызстан маданияты, 1975, 13-февраль, 6-7-беттер; ж.б.

позициясын жана ийгиликке жетишкен аракеттерин баяндоо[5] аркылуу үгүт иштерин жүргүзгөнүн, саясий-социалдык аспектиде совет адамынын жашоо образын чагылдыруу менен «агартуучулук» иш чараларды аткарганын ачык сезебиз. Мындай көрүнүш бир гана К.Жусуповдун чыгармачылыгына таандык болбостон, ошол мезгилде кыргыз журналистикасынын негизги багыттарынын бири болгондугун эскерте кетели.

Ошондой эле советтик публицистиканын салтында сакталып келе жаткан социалисттик түзүлүштүн артыкчылыгын айкындап көрсөтүү үчүн коомдук формациялардын «ички табиятын» салыштыруу, капиталисттик жашоодон коммунисттик тиричиликтин айырмасын деталдаштыруу аркылуу ачып берүү аракети анын жол очерктеринде[6] да маанилүү орунду ээлейт. Публицистиканын табиятын ар тараптуу жана терең изилдеген В.А.Качкан: «Чтобы достичь определенной эффективности в воздействии на общественное мнение, на практическую деятельность людей, публицистика вынуждена включать в себя рациональные, эмоциональные, волевые элементы, она должна основываться на знании автором законов общественного развития. Затрагивая важные вопросы или ставя какую-то проблему она может апеллировать в конкретных случаях к ответственным партийным, хозяйственным или административным органам»[7], дегениндей, К.Жусупов да публицистикаларында «агартуу иштерин» эки мамлекеттин достук кызматташуусуна токтолуу, эки мамлекеттин ортосунда жүргүзүлүп жаткан иш чараларды айтуу, ал иш

---

[5] *Караңыз:* Жусупов К. Айыл адамдары // Ала-Тоо, 1970, № 1, 65-96-беттер; Түштүк миниатюралары. // Ала-Тоо, 1971, № 9; Тааныш каармандар мейманда. // Ленинчил жаш, 1986, 28-июнь; ж.б.

[6] Жусупов К. Италия жеринде. // Кыргызстан маданияты, 1969, 12-февраль; Римде. // Кыргызстан маданияты, 1969, 19-февраль; Венецияда. // Кыргызстан маданияты, 1969, 26-февраль, 5-март; Япония элестери. – Китепте: Кан жолдогу ойлор. – Фрунзе, Кыргызстан, 1982, 6-124-беттер.

[7] Качкан В.А. Традиции и новаторство советской публицистики. – Автореф. докт. филол. наук. – Киев, 1988, 22-бет.

чаралардан келип чыккан жыйынтыктарга талдоо жасоо аркылуу жүргүзөт. Албетте, бул жерде көзү менен көргөн нерселерди баяндап берүү, өзү катышкан окуяларды сүрөттөө, иш үстүндө болгон кырдаалдарга комментарий жасоо, адамдардын практикалык аракеттерине түшүнүк берүү, алардын өз ара мамилесинен келип чыккан ой туундуларын ортого салуу, пикирлешкен адамдарын мүнөздөө сыяктуу көрүнүштөр менен чектелген болсо, ал улам кийинки чыгармаларында тереңдеп жүрүп отурат.

Эгерде К.Жусуповдун алгачкы публицистикаларында «агартуу иштери» көргөн-билгендерин чып-чыргасын коротпой айтып берүү ыкмасы менен ишке ашса, ал улам кийинки чыгармаларында татаалдашып, кеп болуп жаткан проблеманын негизги мазмунуна карай автордун мамилесин, жеке баам-туюмун, ошол кырдаалда таасир калтырган сырткы жана ички маанайын да толук баяндоого жетишет. Мында «агартуучулуктун» мазмуну бир кыйла өзгөргөнү байкалат, б.а. автор улам кийинки чыгармаларында «сыпаттоочу» касиетинен чыгып, проблеманын маңызын окурманга жеткирүүгө аракеттенет. Ошондой эле улам мезгилдин өтүшү менен К.Жусупов журналисттик ишмердүүлүгүндө белгилүү бир темага ыктап, өзүнүн жан дүйнөсүнө жакын «объектини» аныктап, окурман менен кызматташууда чыгармачыл багытын таап, коомдун көйгөйлүү маселелерине келгенде журналисттик иликтөөгө мүмкүн болгон тармакка ээ болуп, окурманды «агартууга» ыңгайлуу коомдук-социалдык сфераны айырмалай баштаган десек болот.

Бирок бул жылдары «басма сөзгө бардык каражаттарды мобилизациялоо, КПСС Борбордук Комитетинин Пленумунун чечимдерин, СССР Жогорку Советинин сессиясы кабыл алган законоордy кеңири пропагандалоо жана түшүндүрүү, бул документтерди бардык эмгекчилерге

чейин жеткирүү милдети коюлуп»[8] тургандыктан, К.Жусуповдун публицистикаларында доордун үнү, социалисттик замандын артыкчылыгын даңазалоо сакталып келген. Акырындык менен кыргыз журналистикасында публицисттердин белгилүү бир тармакка адистешүүсү калыптана баштаган–дыктан, алардын катарында туруп К.Жусупов да өзүнүн чыгармачылыгын адабий, маданий жаңылыктарга, коомдун ички өнүгүшүндө тымызын пайда болуп келе жаткан кыргыз элинин улуттук кайра жанданууcуна, ошондой эле кыргыздардын улут катары өзүн-өзү таанусуна, элдүүлүгүн кармап жана сактап келген тарыхый булактарына, этнографиялык турмушуна буруп, социалдык-экономикалык жаңылануулардын таасиринен акырындап жок болуп бара жаткан көчмөн маданияттын баалуулуктарын окурман журтка түшүндүрүү багытындагы темаларга бура баштаган. Канчалык саясий көз караштардын таасиринде жашабасын К.Жусуповдун чыгармачылыгында агартуу иштерине көңүл буруу аракети XX кылымдын 60-жылдары башталгандыгын байкоого болот. Алгач социалисттик турмуш менен кыргыз элинде тамырын толук кыркып бүтө элек айырмачылыкты, адеп-ахлактуулук касиеттери боюнча окшоштуктары менен бөтөнчөлүктөрүн, тоолуктардын нравалык түшүнүктөрүн, сый-урмат көрсөткөн салт-санаасын, үрп-адатын, көчмөн цивилизациядан сакталып келе жаткан ыйман-ынсабын, кандай оор кыйынчылык болсо да жеңе билген эркин, туруктуулугун өзү көрүп билген автографиялык мүнөзгө ээ эсселеринде[9] улам толуктап, унут болуп бара жаткан этикалык жана эстетикалык аруулукту кийинки муунга билинтип-билгизбей жеткирип, калк жыйган рухий баалуулуктарды тике жана кыйыр формасында тааныштып, агартуу иштерин жүргүзүп отурган.

---

[8] Мамбетсариев Т. Кыргызстандын басма сөзү социализмди жана коммунизмди куруу мезгилинде. –Фрунзе, Кыргызстан, 1984, 132-133-беттер.

[9] Жусупов К. Ата журт. - Фрунзе, Мектеп, 1977.; Өмүрүмдүн жазы. // Кыргызстан маданияты, 1982, 21-апрель, 8-9-беттер.

Ырас, бул багыттагы иштери анын акын А.Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылыгына арналган «Ыр сабында өмүр»[10] эссесинде жана өз айылы, ата журту, андагы өзгөрүштөргө байкоо салган жол очерктеринде[11], ал тургай адабий чыгармаларында[12] тереңдеп чагылдырыла баштаган. Агартуулук мүнөз жол очерктеринде үзүл-кезил болуп бир караганда көзгө даана байкала бербейт. Бирок көңүл буруп, ар бир жазылган чыгарманын максатын издеп, андагы проблема кайда багытталып, кимге жолдонуп жатканын сүрүштүрө келгенде алар жол очеркинде тымызын жайгашып, ал тургай бирин экинчиси толуктап турган идеялар - кандай да болбосун кийинки муундун жан дүйнөсүн тазартуу, кыргыз эли кылымдап түптөгөн рухий дөөлөттөр менен азыктандыруу, түп тегинде ким экендигин туюндуруу, өзү, эли кимдигин тарыхый-этнографиялык даректер менен жеткирүү, өткөндөн сабак алууга чакырык таштоо, үлгү болуучу адат-салтка басым коюп, керек жерде «көзгө сайып көрсөтүү» аркылуу биринен экинчисине көчүп жүрүп отурат.

Акын Алыкул Осмоновго арналган эсседе агартуучулук мүнөз «сюжеттин өзөгүнө» айланат. Ырас, кыргыз элинде атактуу акын А.Осмоновдун канаттуу лирикасын окубаган, анын ырларына таасирленбеген, керек жерин өзүнө көчүрүп албаган окурман сейрек болсо керек. Бирок анын ошол залкар поэзиясы кандай шартта, кимдерге арналып, акындын турмушунун бир үзүмү алардын ар биринде кантип чагылып, кайсы мезгилдин үнү катары поэзияга кандай шартта аралашып жаралганын, акындын жан дүйнөсүндө ошол жылдары эмнелер жашап, алар эстетикалык баалуулукка

[10] Жусупов К. Ыр сабындагы өмүр. –Фрунзе, Мектеп, 1974.

[11] Жусупов К. Жол ойлору. //Ленинчил жаш, 1964, 6-май; Айылымды аралап. // Ленинчил жаш, 1965, 25-март; Ата журт ажары. // Ала-Тоо, 1974, № 10; Ата журттун бир ууч топурагы. // Кыргызстан маданияты, 1975, 13-февраль, 6-7-беттер; ж. б.

[12] Жусупов К. Жашоо кумары. – Фрунзе, Кыргызстан, 1965; Күлгүн курак. – Фрунзе, Кыргызстан, 1979; Тоолуктар баяны. – Фрунзе, Мектеп, 1984;

кандай жолдор менен жеткенин көпчүлүк окурман К.Жусуповдун аталган эссесин окумайын жакшы билбейт.

Эссе акын А.Осмоновдун чыгармачылыгын даңазага алган протреттик очеркке жакындашып турганы менен анда берилген идеялык мазмун агартуучулук мүнөздү өзүнө алып турганы менен баалуу болуп саналат. Бир караганда эссе акындын чыгармачылыгын изилдеген адабий-теориялык изилдөөгө да түспөлдөшүп кетет. Бирок анын мазмунунда катылган ар бир идеяга, көтөрүлгөн проблемаларга, чыгармачыл пафоско терең токтолгон окурман К.Жусуповдун максаты А.Осмоновдун поэзиясынын жанрдык табиятын же сюжеттик-композиялык түзүлүшүн же болбосо анда берилген темалардын орун алыш же чагылдырылыш касиетин ачып көрсөтүү, ушул багытта акындын чыгармаларын үйрөнүүгө теориялык жардам берүү эмес, анын адам катары кечирген жашоосуна, ал жараткан чыгармалардын жаралышына себеп болгон турмуштук жагдайларга, ошол баштан өткөн көрүнүштөрдөн, окуялардан сызылып чыккан эстетикалык ойлорду «таап», акын да эл арасында жашаган кадимки пенделердин бири болгондугуна «журналисттик изилдөө» жүргүзүү жана анын негизинде калыптанган адабий-эстетикалык дөөлөттөрдүн маңызын ачуу аркылуу кийинки муунга түшүндүрүү, же алар тарбия алуу үчүн агартуу иштерин жүргүзүү экендигин байкайт.

Чынында журналисттик кесипте агартуу иштерине көңүл буруу же өзүнөн «кийинки жаштарды тарбиялоого максаттануу ар бир публицисттин жан дүйнөсүндө катылган, ар бир чыгармасын жазууда ички сезиминде терметкен идеялардын бири»[13] болуш керек. Анткени, бул максат «ар күн сайын жарык көрүп жаткан мезгилдүү басма сөз каражаттарынын коомдук-

[13] Ершов Ю.М. Методы познавательной деятельности публициста и жанры публицистики: диалектика взаимодействия. – Автореф. канд. филол. наук. –М., 1987, 12-бет.

саясий миссиясы менен шайкеш келүү менен бирге ар бир жарыкка чыгууга даярдалган материалдын нарк-насилин»[14] да аныктап тураары талашсыз. Тилекке каршы бардык учурда эле публицистикалык коомдук аң сезимдин мындай талаптары журналисттердин жазгандарында эле ишке аша бербейт. Айрым чыгармалар өз алдына коомчулукту «агартуу» багытында зор максаттарды коюп алганы менен окурмандын колуна тийген мезгилдүү басма сөздүн бир санында «жашап», ошол бойдон жок болот. Демек, автордун жазгандарынын баары кандайдыр коомдук-саясий көз карашты пропагандалоо, белгилүү бир көз караш боюнча үгүт иштерин жүргүзүү, б. а. коомчулук үчүн маанилүү болгон жана журналист айтпай коюуга «мүмкүн эмес» коомдук пикирди жайылтуу же ошол багыт боюнча коомдук ой пикирди түзүүгө карай «агартуу-үгүт иштерин» жүргүзүү максатын көздөйт дегенибиз менен алардын арасында айрымдары гана мезгил сынынан өтүп, автордук көз караштын индивидуалдуулугун сактап, кийинки муунга таасирдүүлүгүн жоготпой кала турган болсо, К.Жусуповдун публицистикаларынын ичинен А.Осмоновдун, Т.Сыдыкбековдун, А.Жакыпбековдун, М.Гапаровдун, Б.Жакиевдин, М.Убукеевдин, ж. б. чыгармачылыгына арналгандары гана дал ушул агартуулук милдетти аткарат деп эсептөөгө болот.

Кыргыз адабиятында өз ордун таап, айрым чыгармалары менен кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө өз салымын кошуп, белгилүү болуп калган замандаштарынын эмне өзгөчөлүгү, бири экинчисинен айырмаланган сапаты кайсы экендиги көпчүлүк окурмандарга белгисиз болсо, К.Жусупов өзүнүн публицистикалары, анда айтылган ойлору, кээ бир полемикалык пикирлери, журналист катары байкоолору, пендечиликте байкаган айрым кызыкчылыктары, иштөө стилинен, сүйлөө жана ой жүгүртүү манерасынан,

[14] Почкай Е.П. Образ автор в публицистическом тексте (функционально-семантический анализ современного очерка). - Автореф. канд. филол. наук. –Л., 1986, 7-бет.

баяндоо өзгөчөлүгүнөн сезген журналисттик анализдери алардын кимисинин сүрөткерлик табиятын таанып билүүгө мүмкүнчүлүк түзөт да, бул багытта агартуу иштерин жүргүзөт. К.Жусупов публицистикаларында окурман чөйрө, адабият сүйүүчүлөр үчүн мурда аныкталган адабий-теориялык ойлорду үгүттөө, же эң эле тааныш фактыларды кайталоо, ачык көрсөтүлгөн трафареттүү көз караштарды ээрчип кетүүгө аракеттенбестен, алардын ар кимисинин өзүнө жакын, өз көзү менен көргөн кырдаалдарга токтолуп, окурманга анча тааныш эмес жерлерине, андай көрүнүштөрдүн акын же жазуучунун чыгармаларына кандай таасир бергенине, т. а. сүрөткердин чеберчилигин ачып көрсөтө турган чыгарма кокустан же жөн эле жерден жарала койбостугун ошол деталдарга токтолуу аркылуу айкындайт.

А.Осмоновдун таланттуу экендигин ар бир окурман билсе дагы анын канаттуу поэзиясынын жаралуусуна себеп болгон жагдайлардын «Ыр сабындагы өмүрдө» берилиши, б.а. К.Жусуповдун бул багыттагы аналити–калык талдоолору, ар бир поэзиянын жаралуусуна себеп болгон турмуштук кырдаалдарды таап, аны жеке журналисттик байкоолору менен божомолдору аркылуу чечмелеп берүүсү акындын чыгармачылыгы жөнүндө жазылган адабий-теориялык илимий изилдөөлөргө караганда агартуучулук сапаты боюнча бир топ таасирдүү экендиги талашсыз. Анткени мында адабий анализдерден, адабиятчынын көшөкөрлөнө берген талдоолорунан тышкары акындын жеке турмушу, адамдар менен мамилеси, жандуу жана образдуу берилген турмушу, журналисттин кыялы, ой жоруулары жана ырларына анализ берүү менен түзүлгөн ички дүйнөсү, турмуштук позициясы окурманга бир кыйла жагымдуу болуу менен бирге элестүүлүктү түзөт да, окурмандын бул багытта билимин арттырат. К.Жусуповдун публицисттик чеберчилигинин өзгөчөлүктөрүнүн бири катары А.Осмоновдун образын иштеп чыгууда анын тыгыс байланышы бар, «анын адамдык сапаттары менен көйгөйүн

чыгармаларындагы мазмун менен материалдаштырууга» жетишкендиги деп эсептөө керек. Публицисттин мындай мамилеси окурманды сүрөткердин психологиясына кызыгуусун арттыруу менен адабиятта классикалык чыгармаларды жаратуучунун өзү «адабий каарман» болушу мүмкүн экендигин, азыркыга чейин толук ачылбаган акындын «турмушун» публицистиканын күчү менен ачууга жетишкендигинде турат. Мындай олуттуу кадам таштоо бир гана А.Осмоновго арналган эссесинде болбостон, ал адабият майданында эмгектенген чыгармачыл инсандар, кыргыз маданиятынын өнүгүүсүнө өз салымын кошкон маданият ишмерлери, кино өнөрүндө күчүн сынаган адистер, философтор, адаиятчылар, коомдук ишмерлер тууралу жазгандарында да маанилүү орунду ээлейт. Албетте, мында ар кимисинин күндөлүк тиричилиги ар башка болгону менен алардын адабий-маданий турмушта ээлеген орду, чыгармачылык жашоосу, жан дүйнө кабылдоосу, өз эмгектенген областка алып келген жаңылыгы, эл үчүн кылган кызматы, маданий интеллегенциянын заманбап түшүнүктөрүн калыптандыруудагы салымы турмуштук көйгөйлөрдүн жана ага негизделген идеялардын алкагында чечилет да журналисттик чеберчиликтин индивидуалдуулук өзгөчөлүктөрү аркылуу окурманга жеткендиктен, булл багыттагы агартуу-үгүт иштерин аткарууга зор салым кошот.

Публицистикада агартуучулук мүнөз дайыма ушул метод менен гана ишке ашырылбайт. Кээде журналист коомчулук үчүн эчак аныкталган теориялык көз караштарга, белгилүү бир изилдөөнүн жыйынтыктары каршы пикирин айтып, элдин көңүлүн ошол кырдаал же ошол мезгил үчүн актуалдуу болуп турган проблемага бурат. Мындай шартта агартуучулук мүнөз аныкталып же корутундуланып калган көз караштын кемчилдигин көрсөтүү, турмуштук кырдаалдар менен көрүнүштөрдөн сунушталып жаткан проблемага карата негиздерди табуу, зарылдыгына жараша изилдөөчүлөр менен талаш-

тартышка баруу, полемикалык ойлорду эмоционалдуу-экспрессивдүү сүйлөмдөр менен «толуктоо», алардын пикирлерине каршы тура ала турган коомчулуктун көз карашына негизделүү сыяктуу методдор менен да коштолот. К.Жусуповдун публицистикалык чыгармаларында агартуунун мындай ыкмасы бир топ маанилүү орунду ээлейт.

Совет мектебинин публицисттеринин чыгармачылык салтында мындай метод коомдук-саясий көз карашка негизделип, журналисттик чыгармачы–лыкта автордук позициянын предметтик өзгөчөлүктөрүн деталдаштыруу, чыгармаларда саясий-тематикалык ойлордун ырааттуу логикалык жактан улануусу катары эсептелинип, кимдир бирөөнүн саясий көз карашында марксизм-ленинизмге «туура келбегендерин» «көзгө сайып» көрсөтүү үчүн керек болсо, эгемендүүлүктөн кийин «субъективдүү көз карашка» негизделген К.Жусуповдун публицистикасындагы мындай полемикалык агартуулук мүнөз бир мезгилде «тапчыл-саясий» дүйнө кабылдоонун шартында «башы ачылбай келген «орток» түрк маданий мурастарынын кыргыз элине да таандык экендигин «аныктоого», анын ичинен Ж.Баласагын, М.Кашкарлык сыяктуу-ларын орто жана жогорку окуу жайларынын окуу программасына киргизүүгө, алардын кыргыз элине тиешелүү экендигинен маалымат берүүгө, ошол доорлордогу кыргыз тарыхын кайрадан «оңдоп жазууга», кылым барактарында сакталып калган тарыхый даректер, санжыра булактары, элдик фольклордогу маалыматтарды салыштырууга, жеке автордук көз караштан жалпы илимий жыйынтыкка чыгууга багыт алгандыгы менен айырмаланды.

Кыргыз публицистикасында мындай агартуулук мүнөз кыргыз улутун таануу сыяктуу маселелер менен чектелбестен, ал аркылуу өлкөнүн ар бир жаранын бир мезгилде унут болгон адабий-тарыхый, маданий-эстетикалык баалуулукту калыбына келтирүүгө активдүү катышууга чакырык салууга жана кыргыз окурманынын атуулдук милдеттүүлүгүн жогорулатууга жетишкен.

К.Жусуповдун чыгармачылыгына кайрылгандар публицисттин чыгармачы–лыгындагы объективдүү мыйзамченемдер катары карашып, публицисттин индивидуалдуу өзгөчөлүктөрү, анын журналисттик ишиндеги маанилүү жол-жоболор – мекенчил уул-кыздарды тарбиялоо, эл-жердин ээсин калыптандыруу катары, же кыргыз публицистикасындагы новаторлук сымал туюндуруп да жатышат. Бир караганда мунун өзүндө чындык бар, б. а. К.Жусупов мындай агартуулук мүнөздү коомдук-саясий турмуштагы жаңы көйгөйлөрдү «ачууда» гана эмес, салттуу темаларга кайрылган учурда чындыкты изилдөөдө, каармандын жашоо позициясынын активдүүлүгү көрсөтүүдө, күнүмдүк жашоо кырдаалдарын ойлонуп, бийик теориялык деңгээлде түшүндүрүүдө журналисттик көз караштын индивидуалдуу чагылдыруунун ыкмасы катары да колдонот.

Ошондой эле агартуулук мүнөз К.Жусуповдун чыгармаларына дайыма максималдуу таасир тийгизүү менен ар бир күндөн жашоонун кызыкчылыгын үйрөнүүгө, аны публицисттик көз караш менен баалоого, үйрөнүп жатып үйрөнүүнүн диалектикалык ыкмасын калыптандырууга, публицисттин инсандык сапатынын активдүү журналисттик чыгармачылыкка багытталы–шына, ар түркүн жанр менен иштөөдө чыгармачылык стилдин жана методдун өнүгүшүнө жана булардын чеберчилик катары мыктыланышына керектүү шарттарды түзүп бергендиги менен да баалуу болуп саналат. К.Жусупов колдонгон агартуулук мүнөз публицисттин баяндоо ыкмаларына, публицистиканын жанрдык табиятына, сюжетте жана композицияда ойдун өркүндөө логикасына өзгөчөлүктөрдү киргизүү менен публицисттин чеберчилиги катары чыгарманын мазмундуулугун, эмоционалдуулугун жана ишендирүүчүлүгүн жогорулатып, факты-материалды чагылдырууда маанилүү аспекти болуучу полемиканын маанисин арттырганын да байкоого болот.

Кыргыз элинин байыркылыгын таанытуу («Байыркынын издери»), көчмөн маданияттын өзгөчөлүгүн билдирүү («Ата тек сүрүштүрүү», «Умай энеге урмат», «Табиятка табынуу», «Кыргыздардын байыркы маданияты»), уникалдуу элдик фольклордук артыкчылыктарын даңазалоо, («Теңирчилик касиети», «Сөз кудурети чексиз», «Улуу «Манас» эпосу», «Көчмөндөрдүн орток маданияты»), улуттук өнөрдүн, («Тоолуктар баяны», «Тулпар», «Байыркы залкарлар чубатуусу», «Жоокердик өнөр»), каада-салттын жакшы жөрөлгөлөрүн, адеп-ахлактык, ыйман-ынсаптык сапаттарын («Энесай маданияты», «Боз үй керемети», «Караханий маданиятынын үлгүсү») окурманга жеткирүүнү максаттанган («Соңку алкоо») агартуучулук мүнөз ар бир публицистикага таанытуучулук күч кошуу менен бирге публицистикалык чыгармачылыктын мыйзамдарына таянып, автордун жеке сапаттарынан, талантынан жаралган системаны шарттап, аны публицисттин чеберчилиги катары да көрсөтө алат. Мында публицисттин чыгармачылыгынын индивидуалдык өзгөчөлүктөрү башкы орунга чыкканы менен бизге публицистиканын маанилик белгилеринин көп түрдүүлүгү артып, өйдөлөп көтөрүлүүсү - биринчи тарабынан социалдык-тарыхый өбөлгөлөр менен, экинчи тарабынан, публицисттин өзүнө мүнөздүү чыгармачылык бөтөнчөлүгү аркылуу публицистиканын жанрларынын жаңылануусу – турмуш чындыгын үйрөнүп билүүдө публицисттин ишмердүүлүгүнүн конкреттүү ыкмаларынын, иштелип чыккан кесиптик жол-жоболорунун оптималдуу жыйынтыгына жетүүгө мүмкүнчүлүк түзө алгандыгы менен да айырмаланган. Ошондой эле ал өз кезегинде кыргыз публицистикасынын жакшы салттарынын жолун жолдоочулугу, формаларынын, багыттарынын, мүмкүнчүлүктөрүнүн андан аркы өнүгүүсү камсыздай алгандыгы менен да баалуу болуп саналат.

**Адабияттар**

Жусупов К. Ата журт. - Фрунзе, Мектеп, 1977.

Жусупов К. Ыр сабындагы өмүр. –Фрунзе, Мектеп, 1974.

Жусупов К. Жол ойлору. //Ленинчил жаш, 1964, 6-май.

Жусупов К. Жашоо кумары. – Фрунзе, Кыргызстан, 1965; Күлгүн курак. – Фрунзе, Кыргызстан, 1979; Тоолуктар баяны. – Фрунзе, Мектеп, 1984.

Жусупов К. Улуттук журналдардын эң улуусу. –Бишкек, Бийиктик, 2007.

Мамбетсариев Т. Кыргызстандын басма сөзү социализмди жана коммунизмди куру мезгилинде. –Фрунзе, Кыргызстан, 1984.

Стрельцов Б.В. Основы публицистики. Жанры. –Минск, 1990.

Прохоров Е.П. Публицист и действительность. – 1973.